# САЯКБАЙ ЖАНА ЖАЛИЛ САДЫКОВ
## (2-макала)

**БАЙМЫРЗАЕВ Б.**
*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

**УДК.894.341**

Улуу манасчы Саякбай Каралаевдин ички адамдык стихиясы, манасчылык шык-жөндөмү, эркин эргүүсү, дем-күчү бул аталган чыгармада кыргыз жаратылышы, т.а. жер-суусу, тоо-ташы, учкан канаттуу-кушу, салкын абасы, ак кар, көк музу аркылуу түптөлүп, калыптанары тастыкталат. Ар бир тоолук кыргыз жараны өзүн бул айтылгандардан тышкары элестетиши мүмкүн эмес. Ошолордун катарында сакадай бою сары алтын болуп кылымдын Гомери аталган кадимки Саякбай атабыз да өмүр сүрүп, бул жалган дүйнөдөгү бардык жыргалдардын "атасы" деп эсептеген (улуу манасчы өзү берген баа) мүнүшкөрлүк өнөр, бүркүт салуу кумары, адам баласына болгон ички тартылуу, түшүнүшүү бул эки алп кыраандын табигый тагдырын, кулк-мүнөз, парасатын бир нукка салып, бири бирисиз жашоо кечирбөөчүдөй абалга алып келгенине өзүбүз күбө болуудабыз:

-Көзүңдөн секет кетип калайыным!
Көзүңө кара жанды чабайыным !
Сезди окшойт, ормоң карап албадыбы,
Айтсаңар, кантип чыдайм, агайыным!
Карааныын!
Как жүрөгүм!
Кара жаным!
Көрсөңөр мойнун буруп караганын.
Кечиргин, кечирип кой, күнөө менде,
Үч айда бир келгенге жарабадым...

Көргөндө анын мындай жалбараарын,
"Тобо!"-дейм, мен өзүмчө таңданамын.
Башкага эрөөн болмок. А, Сакемдин
Жадаса кыйкырыгы жанга жагым.[1]

Үч айга созулган чыгармачылык жүрүштөр, күнүмдүк кыбырсыган бүтпөгөн тиричилик улуу талант ээсинин колун байлап, канчалык эси-дарты алыскы айылында калган кыраанын көздөй жетелеген менен "ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңип" өзү айткандай көрүшпөгөндөрүнө үч айдын жүзү болгону да чын. Бул убакыт кимге аз, кимге көп, маселе анда эмес. Чыгармадагы баяндалып жаткан турмуш чындыгы канчалык деңгээлде көркөм реалдуулуктун чегине жете сүрөттөлүп жатат-башкы маселе ушунда. Чындыгында үч айдын ичинде күндө үч маал эркелетип, өз колуң менен аягына аш куйган итиң да куйрук түптөп, өзүңө карай үрүп чыгаары турган иш. Биз жашаган бул турмушта мындай окуялар бүгүнкү күндө көп эле болууда. Ал эми адам баласы менен анын жашоо-турмушу, көргөн күнү таптакыр эки башка багытта болуп, алгач адам баласын көргөндө жатыркап, андан оолак болууга умтулган тоо кушу, "асман падышасы" саналган кадимки кан чеңгелдүү бүркүт жердеги адамдын эркине баш ийип, үндөккө келип олтурушу эмне деген керемет, эмне деген улуу сыр?! Көрсө, табияттын эч жерде жазылбаган ички мыйзамы дайыма сырттанды сырттан гана таанып, баа бергендей улууну улуу гана баалап, сыйлап, чын баркына жетет окшобойбу...

Сакеңдин кыйкырык-чуу, калдалаңын
Биз коштоп, беттеп калдык алма багын.

Астыда айгай салып өзү барат,
А, менин мобул болду аңдаганым:

Бүркүт да Саякбайдын өзү сымак,
Үн салып шаңшып алды: “кылляк, кылляк!”
Сыягы жазбай таанып турса керек,
Аралык болгон менен бир топ ыраак.
Көз көрбөй томогочон турган менен,
Ал үндү, алда кайдан тааныйт белем?
Кайрадан шаңшып коюп, кош канатын
Талпынтып, күтүп турду кайран берен.[2]

Чыгармада акын Ж.Садыков сүрөттөгөндөй, эки кыраан бирин-бири алыстан болсо да үнүнөн жазбай таанып, тоо бүркүтү боосун үзгүдөй болуп өз ээси Сакеңе карай улам шаңшып, көргөндүн акыл-эсин алып, таң калтырып турушу, андан да шаша-буша жетип, башынан томогосун сыйрып алганда бүркүтү да жаш баладай өзүн карай талпынып, ал эле эмес манасчы Саякбай Каралаевдин кучагына ыктап,төшүнө башын жөлөп турушу үч уктасаң түшкө кирбес, өңүндө болуп көрбөс жорук катары эсте калганын эмне деп түшүндүрүүгө болот?!

Баргандар менин сөзүм жалган дебес,
Бул жолу жалгыз гана Сакем эмес,
Сагынган бүркүт түрүн көрүп туруп,
Ыйламак болсо дагы кандай мерес.

Салаалап жаш куюлуп ыйлап жатып,
Бүркүтүн көздөн өбөт чопулдатып...
Аргасыз карап туруп, сөөгүм жашып,
Ойлондум мына мындай ойго батып:

“Турмушта бул да чыгаан, ал да чыгаан
Экөө тең бап келишкен эки кыраан.
Саякбай жоо сайдырса...Бүркүт алса...
Көргөндө экөөнө тең канмак кыбаан!”[3]

“Акырында, анын ички дүйнөсү үчүн мүнөздүү бөтөн берилгендиктеринин ичинде бүркүтчүлүгү эле. “Манастан” кийин Сакеңди өзгөчө толкуткан, өзгөчө бийлеген ошол керемет жаныбар болгон. Бүркүттөрдүн түрлөрү, жашаган жайлары, кулк-мүнөздөрү (баатырдыгы, эркелиги, туруктуулугу, мырзалыгы ж.б.) жөнүндө сүйлөгөндө Сакеңдин сөзү да бүтчү эмес, ал сөзү “Манастагыдай” жалындаган элестерден кем калчу эмес. Анан калса улуу дастандагы бийик жана чексиз чалкыган аймактан, же дүңгүрөткөн окуялардан жана асыл баатырлар дүйнөсүнөн түшпөгөн Сакеңдин асмандагы алп, эр жүрөк канаттууга өзгөчө куштар болгондугу төп кырдаал го! “Адамдын эң айкөлү, эң эр жүрөгү – Манас. Жер үстүндөгү айбанаттын берени – арыстан. Асмандын ээси – бүркүт” дээр эле Сакең”[7].

Бирок “мезгил, убакыт деген учкан куш” демекчи өзүнүн болот текөөр досу менен Ала-Тоонун ой-кырын аралап, каалагандай каткырык салып, көңүл черин жазуу өткөн XX кылымдын Гомери саналган Саякбай Каралаев үчүн дайым эле ойдогудай боло берген эмес. Жогоруда баяндалып өткөндөй, улуу манасчынын борбор калаабызда жашап, узак

мөөнөттүк чыгармачылык сапарларга чыгуусу айылдагыдай айгай салып, ат минип, ит агытып, бүркүт салуу мүмкүнчүлүгүн бир кыйла чектегендиги белгилүү. Ошондон улам өмүрүнүн өр тартып калган курагында өз айылына каттай албай, бүркүт менен мурдагыдай көңүл ачуу болбой калганын улуу манасчы өзү да моюнуна алып олтурат:

“-Картайтты, жыл артынан жылдар чубап,
Кайдасың кайран жаштык, кайран курак?
Кечээ эле, тээ-тетиги тоо боорунда
Жүрчү элем бүркүт салып, көңүл куунак.

Ар жагы терең кокту, терең жылга
Анакей, ак кар жаткан бийик кырда,
Айкайлап бүркүт салып турчу элем го,
Бүркүттөн уча жаздап өзүм мурда.

Карылык бутту тушап байлап алды,
Каякта ошол күндөр кайда калды?
Жазмышты өзгөртүүгө болбойт тура,
Өкүндүң, өкүнбөдүң айла барбы?..” [4]

Карылыктын келиши , гүлгүн жаштык күндөрдүн көздөн кайым болушу улуу манасчы үчүн оңой иш эмес эле. Чыгармада баяндалгандай “кылымдын Гомери” үчүн карылыктын келиши анчалык коркунуч туудурбайт. Аны терең ойго салып, бушайман кылган нерсе-узак мезгилден бери жаны бирге болуп, бирин-бири үнүнөн, көз караш, кыймыл-аракетинен жазбай түшүнүшкөн бүркүтү менен баштагыдай ынак мамиледе боло албай, анын да, өзүнүн да көңүл черин жаза албай, карылык деген кашаң ат сыңары колу-бутун байлап, үйүнөн алыс чыгарбай камап олтурушу! Кары бүркүтчү өзүнүн да, ийри тумшук, алгыр көз кыраан бүркүтүнүн да оомат, доору эми артта калып, өмүрдүн өктөө кези бет алдынан утурлап, кайран жаштык кырaң ашып, колдон узап кеткенине ичи ачышып, кабыргасы кайышып турган чак. Эми мындан ары мурдагыдай экөө дайым бирге болуп, көңүлдүн каткан черин таратып, кумардан чыга сейил куруу, аска-зоону аралап аңчылык кылуу, ат тердетип салбуруунга чыгуу болбосуна көзү жетип акыры аягында айылга дагы бир келгенде бүркүтүн колуна кондуруп, тоого чыгып өзүн да, кыраанын да сынап көрүүнү чечет. Ошондо “бир жеринен жазып калсак” аны да асманга агытып коё берем деген ойго келет.

-Деди да, өзүнө өзү кайрат берип:
-Бу кургур бүркүт эле жанга шерик...
Карыдым...
Карысам да ,
Сынашмакка
Бир сапар тоого чыгам кайра келип.
Чыдай тур, азга чыда кайран берен,
Ошондо жазып калсак алда неден,
Экинчи андан кийин тоого чыкпайм,
Сени да көккө агытып коё берем...” [5]

Автордун андан аркы берген маалыматы боюнча кийин ар кимден сурамжылап жүрүп билсе атактуу манасчы ошондон соң келип, өз убадасына туруп бүркүтүн тоого алып чыгып коё берген экен. Бирок, авторду ар убак ойго салып, көңүлүн түпөйүл кылган

нерсе-ошол бүркүтү менен коштошкондон кийин алп манасчы негедир баштагыдай болбой, каруу-күчтөн тая түшкөндөй абалга келгендигин байкаган. Ошого карабастан "кылымдын Гомери" саналган карт манасчы канчалык карылыкка алдырып, оорупсыркаса да дары ичкенден, өзүнүн сүйгөн өнөрү бүркүт таптап, аны Ала-Тоонун ой-кырын аралата өз колуна кондуруп жүрүп, ар кайсыл жан-жаныбарга шилтеп, анын алганынан да ошол салгандагы кызыгы кылым бою көз алдынан кетпей, өзүнчө рахат, өзүнчө жан жыргалына айланса да атактуу манасчы акыры бул көңүл жубатар утурумдук эр оюнунан да баш тартууга аргасыз болгон менен өзүнүн кан-жанынан кошо бүтүп, табият-тагдыр ыроологон ыйык өнөрү – "Манас" айтуудан түк танган эмес экен.

Сап кармап Сакем айткан ошол кепти,
Ар кимден сурап жүрдүм эрте- кечти.
Бирөөлөр: "кийин келип, тоого барып,
Бүркүтүн көккө агытып ийген"-дешти.

Билсе да Сакем тоого баргандыгын,
Жан билбейт жүрөктөгү арман-муңун...
Мен гана ичтен жоруп койгон элем,
Мертинен бир аз тайып калгандыгын.

Жүрсө да ооруп-сыркап андан мурун
Билдирбейт ал оорусун...
Каргандыгын...
Көргөндөр: Дары ичкенден танса дагы,
Көрбөптүр алп "Манастан" тангандыгын.[6]

Жогоруда сөз болгондой бул эки кыраан бирин-бири жазбай таанып, бириндеги ыйык өнөрдү бири билип, бириндеги бийик сапаттарды экинчиси баалап, аны төбөсүнө көтөрө кылдат таптап, натыйжада алп мүнүшкөр өзүн да, бүркүтүн да кумардан чыга чер жазууга көп эле жолу ыңгайлуу шарт түзүүгө жетишкен. Ошого карабастан "күлүк-күнүндө, тулпар- тушунда" демекчи, асман ааламын бир өзүнө багынткан "текөөрү болот, тээги жез, тегереги эки кез", көзү кара көк шалбыр" кадимки тоо бүркүтү да карылыкка моюн сунуп калбастан, анын табигый белгилери байкалаар замат ("Ошондо жазып калсак алда неден"-Ж.С.) өзүн-өзү ташка уруп, мерт кылганга чейин барат дешет. Демек,бүркүт – бүркүт болгону көзүнүн курчу, чеңгелинин кубаты  кайткан убакта, т.а. карылык кууп жеткенде жаратылыштын бул улуу мыйзамына бүркүт гана каршы туруп, өзүнүн табият берген мүнөзүнө ылайык,көгөргөн чексиз асманды аралап, көз мелжиген тоолорду мекендеп, эркиндиктин, бийиктиктин, улуулуктун анык символу катары күн кечирген тоо бүркүтү гана  мындай жазмыштын буйругуна баш ийбей өзүн өзү ташка уруп, улуу куш катары өз позициясын ээлеп, бекемдеп кала берет. Ушул өңүттөн алып караганда да Адам кырааны улуу манасчы Саякбай Каралаев менен Асман кырааны алп куш саналган Бүркүттүн ортосундагы табигый окшоштук, биримдик аталган чыгармада чебер деталдар, боёктор менен ачылып берилген. Болбосо, залкар манасчы саналган Саякбай Каралаев багынткан бийик өнөр сереси жалгыз эле анын манасчылык, артисттик, аткаруучулук д.у.с чыгырмачылык чеберчиликке таандык сапат–белгилердин карандай топтомунан эле көз каранды  болуп, ошого таандык эле ички аракет, шык – жөндөмдүн аркасы менен жете койчу чек эмес экенин акын Ж.Садыков да аталган ушул чыгармасы аркылуу ачык далилдөөгө жетишкен. Демек, улуу манасчы Саякбай Каралаевдин чыныгы эпик–ырчы[7]

катары калыптанып, такшалып, анан калса, эпостук образдар аркылуу көркөм ой жүгүртүүгө, талдоого, баалоого, тыянак чыгарууга, эң негизгиси, чыныгы кыргыз Адамы катары жашап, кыргыз элинин кыял–жоругун, жашоо мүнөзүн, тутунган турмуштук позициясын, дүйнө тааным түшүнүгүн дал өзүндөй кылып, эч бир жасалмасыз, оңдоп–түзөөсүз башкаларга айтып жеткирүүдө ( манасчы катары – Б.Б)ага кошумча эргүү, күчтүү эмоция, бийик дух, чыныгы улуулук белгилерди ыроологон табигый колдоону Сакебиз өз өмүрүндө кыргыздын ак карлуу Ала-Тоосунан,чалкыган Ысык–Көлүнөн, "ырдын океаны" саналган кыргыз эпосу " Манастан" жана акыреттик жолдош санаган өзүнүн кыраан бүркүтүнөн алып келген. Чындыгында, буларсыз Саякбай Каралаевди

Улуу актёр Муратбек Рыскулов бул дүйнөдөн узаганда кадимки Король Лирдин трагедиялуу монологун айтып жатып жан берсе, биздин замандын Гомери саналган Саякбай Каралаев алдына ажал келгенде кыйкырып "Манас" айтып, анан калса акын Ж. Садыков күбө болгондой Каныкей энебизге Тайторуну чаптырып, өзү да жандай салып, аба жара көк жалдар менен кошо сүрөшүп туруп бул калдайган калктан бөлүнсө, ошол саамдан тартып улуу Сакебиз өзүн түбөлүк өлбөстөрдүн сабына кошуп, жандуу руху Көк Теңирге көтөрүлгөн дешет.

Быйыл да Көл жээгинде көпкө жүрүп,
Сакемдин эске түштү сөздөрү бүт.
Эриксиз көз чаптырам айланама,
Эмнелер калды экен деп өзгөрүлүп.
Тоо турат булуттарды бөктөрүнүп ,
Күн турат мурдагыдай көктө күлүп.
Бир гана кең Ысык – Көл Сакем жоктон,
Калыптыр калыбынан бөксөрүлүп.
(55–56 – беттер)

Ооба, андан бери көп нерселер өзгөрдү. " Устаранын мизиндей оодарылган дүнүйө" – демекчи андан бери заман ала салып, доор алмашты. Жогоруда акын Ж.Садыков баяндагандай баары эле өз орду менен өз нугунда өтүп жаткандай, жада калса, тоо, күн, булуттар баары, баары өз ордунда турушат. Бирок, " кыргыз деңизи" деп таанылган Ысык – Көлдүн күн санап тартылып, өз калыбынан бөксөрүлүп баратышына бир гана улуу эпик – ырчы, залкар манасчы Саякбай Каралаевдин арабызда болбой калышы башкы себепкер экени да улуу чындык.

Өз учурунда белгилүү төкмө Ы. Борончиев карыя замандашы С. Каралаевдин манасчылык, адамдык портретине төмөнкүдөй мүнөздөмө берип, анын рамкасын кеңейтүүгө бул саптары менен салым кошкон экен:

Бүркүт болсо Саякбай,
Кабыландарды капшырмак,
Канжыгага жапшырмак,
Көргөнүн алып олтуруп,
Көнөчөгүн толтуруп,
Муну, салган ээсин мас кылмак.
Жылкы болсо Саякбай,
Жыл он эки ай жүгүрмөк
Таскагына тай жетпей,
Таасындыгы билинмек.
Алты жүз буудан жарышса,
Сакем, алдында жүрмөк дирилдеп[8].

Бүгүнкү күндө Манас ким, Саякбай ким, улуу Кыргыз Гимнин жараткан Жалил Садыков ким экенин ажыратып таануучу муун болбой калган заманда күн кечирип жаткан элибиздин акыл-эси, рухий көрөңгөсү, эртеңки келечеги, көрөр күнү, ичер суусу өз калыбынан бөксөрүп баратканы да чын.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Садыков Ж. Тууган жер. Фрунзе, “Кыргызстан”, 1979-жыл, 52-бет.
2. Садыков Ж. Тууган жер. Фрунзе, “Кыргызстан”, 1979-жыл, 53-бет.
3. Садыков Ж. Тууган жер. Фрунзе, “Кыргызстан”, 1979-жыл, 54-55-беттер.
4. Баймырзаев Б. С.Каралаев – эпик – ырчы. Китепте: Алп манасчы (Эл аралык илимий конференциянын материалдары) Бишкек. “Илим” , 1994-жыл, 5-бет.
5. Борончиев Ы. С.Каралаевдин 70 жылдыгына арналган ыр. Китепте: Борончиев Ы. Кызыл кырман. Фрунзе, “Кыргызстан” 1970-жыл, 252-бет.